**Медициналык колледждин студенттеринин ата-энелери менен «ата-энелердин кесиптик компетенциялардын калыптануусундагы ролу»аттуу тегерек столдун протоколунан**

**КӨЧҮРМӨ**

Катышуучулар:

Жалпы: 34. Убактысы: 24.01.2024ж. Сааты 12:00.

**Угулду:** Жалпы медициналык дисциплиналар циклынын төрагасы Н. Б. Орозалиев.

- Урматтуу ата-энелер биринчиден куш келипсиздер, келип бергениниздер үчүн чоон ыраазычылык билдиремин. Сиздерди чогултканыбыздын башкы себеби биз окутуп жаткан студенттерибизге, сиздердин уул- кыздарыбызга татыктуу тарбия, билим берүүдө учурдун талабына ылайык компетенттүү кесиптин ээлерин даярдоодо сиздердин ордунуздар өтө чоң. Сиздердин көмөгүнүздөр менен билим берүү программасында айрым кемчиликтер болсо ондоп, андан ары өнүктүрөбүз деген ойдомун. Анда эмесе кийинки сөздү "Фармация" адистиги боюнча НКББПнын башчысы Карабаева Нурила эжекеге беремин.

**Угулду:** Фармация адистиги боюнча НКББПнын башчысы Карабаева Нурила.

- Куш келипсиздер ата-энелер. Жогоруда айтылып өткөндөй сиздердин ой пикириниздер биз үчүн өтө зарыл, ошондуктан кандай көйгөй, ойлорунуздар болсо тартынбастан айтуунуздарды суранат элем.

**Жарыш сөзгө чыккандар:** Келдибаев Ш. (ата-эне). – Саламатсыздарбы? Мен Шайыр кызы Элизанын атасы болом. Кызым ЛБД адистигинде окуйт сиздердин чогулушуңуздарга биринчи жолу келип жатам, ошол себептен окуу жайыңыздар менен толук таанышсак дегенмин, андагы лабораториялар менен.

**Сөзгө чыкты:** Юсупова З. (ата-эне). – Саламатсыздарбы? Мен Асанова Заринанын апасы болом, кызым Фармация адистигинде окуйт. Бул иш чарага биринчи жолу катышышым. Фармация адистигинин материалдык-техникалык базасы, лабораториялары, кааналары жакшы, дары-дармектин турлөрү бар экен. Студенттерге окутуп үйрөтүүгө сонун шарт түзүлүптүр. Ушул жерде окутуп жаткан агай-эжекелерге да рахмат. Ал эми сиздерге сунушум өндүрүштүк практикалардын саатын көбөйтүп бериниздер. Студенттер практикага көбүрөөк чыгышса жакшы болот эле.

**Сөзгө чыккандар:** Бекенова Атыргул (ата-эне). – Саламатсыздарбы? Мен Нурланбек кызы Айжанаттын апасы боломун. Сиздердин окуу жайыныздар боюнча жакшы таанышмын. Кызым аркылуу да көп нерселерден кабардармын. Менин сунушум, билишимче сиздерде СД эксперменталдык тайпалар бар, алардын окуусу башкача экен, практикага көбүрөөк чыгышат экен. Эми бардык эле тайпаларды ошол программа менен окутсаңыздар кандай болот эле?

**Сөзгө чыкты:** Атабаева Зарина (ата-эне). – Саламатсыздарбы? Мен Абдымомунова Айжандын апасы болом.1-этаждагы окуу кааналары суук экен, жылуулук жагын карап койсоңуздар, балдарыбыз үшүп калбайбы?!

**Сөзгө чыкты:** Айтмуратов Куштарбек (ата-эне). – Арыбаңыздар.

Дарылоо иши адистигинде окуган Кадырбаев Нурмухаммеддин апасы боломун. Дарылоо иши адистиги материалдык-техникалык базасы абдан жакшы экен. Агай эжекелерге терең ыраазычылык айтабыз. Балдарыбыз жакшы билим алышына ишенебиз.

**Токтом кылынды:**

1. ***СД эксперименталдык тайпалардын окуу программасын жайылтуу, өндүрүштүк практикалардын саатын көбөйтүү жагы жетекчиликтен суралсын.***
2. ***1- этаждагы окуу-кааналардын, лабораториялардын полун жылуулап берүү боюнча тиешелүү жетекчиликке билдирүү берилсин.***

Жалпы медициналык дисциплиналар
циклынын төрагасы:________________________ Н.Б. Орозалиев.

Катчы: ________________________ Ч.Ж. Айыпова